**И.Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Көл шаарындагы филиалынын ОКБББнүн педагогикалык кеңешинин жыйынынын №2 протоколу**

Кара-Көл шаары 14.10.2025ж.

**Катышышты:** Пед.кеңештин төрайымы -Өзүбекова Р.А.

ПК катчысы - Тургунбаева Г.Т.

Пед.кенештин мүчөлөрү

Токтогул ГЭСтер Каскадынын Релелик коргоо жана автоматика борбордук кызматынын башчысы- Болотбек уулу Алидин

Токтогул ГЭСтер Каскадынын реконструкциялоо жана модернизациялоо боюнча директордун орун басары- Зияйдинов Мирлан Эгенбердиевич

«Электр станциялар » Ачык акционердик коомунун борбордук релелик коргоо жана автоматика кызматынын башчысынын орун басары- Мамажунусов Мурат Наватович

**Күн тартибинде каралуучу маселелер**

1. Биринчи курска кабыл алынган студенттердин жалпы санынын жыйынтыгы.
2. Курстук долбоорлордун темаларын жана 1 чи жарым жылдыктагы сынак баракчаларын бекитүү
3. ОКБББнүн өндүрүштүк практикаларды өткөрүү жана уюштуруу, мекемелер менен келишим түзүү алардын аткарылышы. Өндүрүштүк практиканын жыйынтыгы.
4. Окутуучулардын өз ара сабакка катышуу боюнча графигин бекитүү ( 1жарым жылдык)
5. Студенттердин окуудагы академиялык карыздарын жоюу боюнча жеке иштерди уюштуруу.
6. “Электр станциялар”адистигине аккредитацияга даярдануу.

**Угулду: 1-суроо боюнча:** Биринчи курска кабыл алынган студенттердин жалпы санынын жыйынтыгын техникалык комиссиянын төрайымы Тургунбаева Э.Т маалымат берди.

ОКБББнө 2025-2026 окуу жылына жалпы баары **56** студент кабыл алынды.

Алардын ичине күндүзгү окуу бөлүмүндө-28,сырттан окуу бөлүмүндө-28 студент тапшырды.

*9-класстын базасында* “Электр станциялар,тармактары жана системалары” адистигине-**12** студент

“Маалыматты иштетүүнүн автоматташтырылган системаларын башкаруу” адистигине- **4** студент

“Суу-техникалык курулуш” адистигине-**6** студент

“Компьютердик тармактарды программалаштыруу” адистигине-**5** студент

“Унаада жүк ташуу жана башкарууну уюштуруу” адистигине- **1** студент.

Баары:28 студент.

-Токтогул ГЭСтер Каскады
-Жалал-Абад электр тармактар ишканасы
- «Электр станциялар» ачык акционердик коому
- «Электр станциялар» Ачык акционердик коомунун филиалынын Камбарата ГЭСи

**Токтом:** Өндүрүштүк практиканын жыйынтыгынын сарэсеби канааттандыраарлык жана кабыл алынсын.
Практикаларды өтүүгө келишимдердин мөөнөтүн узартууга каттар даярдалып жиберилсин жана толугу менен бекитилсин.

**Угулду: 4-суроо боюнча:** Окутуучулардын өз ара сабакка катышуу боюнча графигин бекитүү ( 1жарым жылдык).

ОМК нын төрайымы Р.А.Өзүбекова окутуучулардын өз ара сабакка катышуу боюнча графигин 1 чи жарым жылдыкка бекитип берүүнү сунуштады.
Окутуучулар өз ара сабакка катышуусу боюнча ОКБББдө атайын журнал ачылган. Ал журналга бекитилген график боюнча окутуучулардын 1 жарым жылдагы сабакка катышуусунун жыйынтыктары жазылат. Жыйынтыгында окутуучулар сабактарга катышышып өздөрүнө көптөгөн методикаларды окуудагы, замандын талабына ылайык жаны методикалык иш чараларга үйрүнүшөт.Түзүлгөн график менен таанышып бекитип бериңиздер. Окутуучулардын өз ара сабакка катышуусунун графиги тиркелет.

**Токтом:** 2025-26 окуу жылынын 1 чи жарым жылындагы окуутучулардын өз ара сабакка катышуу графиги бекитилсин.

**Угулду: 5-суроо боюнча:** Студенттердин окуудагы академиялык карыздарын жоюу боюнча жеке иштерди уюштуруу маселеси менен Жумашева Г.Э. сүйлөдү.
Студенттердин академиялык карыздарын жоюу боюнча кураторлор өз алдынча ар бир студент менен байланышта болуп жумуш алып барып жатышат. Кураторлор ата-энелери менен байланышта болуп иш алып барышууда. Быйылкы окуу жылында студенттердин окуудагы жетишкендиктерди 80% түздү. Үй-бүлөөлүк шарттарына байланыштуу окуу акысын төлөй албай калып сессия тапшыра албай калагн студенттер үчүн кошумча расписание түзүлөт.

**Токтом:** Маалымат кабыл алынсын.

**Угулду: 6-суроо боюнча:** Аккредитацияга даярдануу маселеси боюнча филиалдын директору Р.А.Өзүбекова.

Жалпы адистиктердин билим берүү программасын кайрадан жумуш берүүчүлөрдүн катышуусу менен талкуулап жана бекитип берүүнүздөрдү суранам.Бүгүнкү жыйында Токтогул ГЭСтер Каскадынын релелик коргоо жана автоматика борбордук кызматынын башчысы Болотбек уулу Алидин, Токтогул ГЭСтер Каскадынын реконструкциялоо жана модернизациялоо боюнча директордун орун басары-Зияйдинов Мирлан Эгенбердиевич, “Электр станциялар”- Ачык акционердик коомунун борбордук релелик коргоо жана автоматика башчысынын орун басары- Мамажунусов Мурат Наватович катышууда. Аккредитация өтүүдө эң башкы документ бул билим берүү программасын мамлекеттик стандартка ылайык түзүп чыгуу болуп эсептелинет. жыйынга чейин бир нече жолу программа менен таанышышкан.

М.Э.Зияйдинов өз сунушун айтты: программанын окутуудагы жыйынтыктарына дагы кыргыз,орус тили менен гана чектелбестен англис тилинде да окутууну күчөтүү

керек,себеби азыр реконструкция менен модернизациялоодо чет өлкөлөрдөн инвесторлор жумушка тартылууда. Ошону менен бирге эле чет тилин билсе жакынкы жана алыскы чет мамлекеттерге барып квалификациясын жогорулатып иштесе болот.

Болотбек уулу Алидин: Окутууда жыйынтыктар толук айтылбай калган. Жыйынтыктарды стандарттка ылайыктап жаңы заманбап технологияларды үйрөтүүдөгү натыйжаларды кошуу керек.Программанын максаты да азыраак көрсөтүлүп калган.

Мамажунусов Мурат Наватович: 140206 “Электр станциялар”адистигинин жалпы берүү программасынын окутуунун жыйынтыгына электр схемаларын окууну да сунуштайм.Менин түшүнүгүм боюнча окулган материалдарды демонстрациялоо жана жыйынтык көрсөтүү.

**Токтом:** ОКБББнүн 140206 ”Электр станциялар” адистигинин жалпы берүү программасын жумуш берүүчүлөрдүн сунуштары менен кайрадан толукталып бекитилсин.

Кийинки дагы даярдык бул ОМК ды бекитүү. Биз 2 чи жыйында окутуучулардын ОМК ын толук бекитпей калганбыз жана дагы текшерүүлөр сунушталган.ОКБББнүн окутуучулары өзүлөрүнүн сабактарынан жумуш прогграммаларын, силлабустарын,ОМК ды иштеп чыгарышууда Алар учун жумушчу программалар, силлабустар даярдалды. Аккредитацияга форма 4,форма 5 таблицаларын окуу пландарына ылайык түзүү керек. Бул жумуштарды ар бир түзүмдүн адистерине тапшырабыз.
**Токтом:** ОМК,жумуш программалары,силлабустар бекитилсин.
Окутуучулардын курамын (форма 4) штаттык тизмеге ылайык тактоого кадр бөлүмүнүн адистери Ч.Караевага,М.Мусаевага жүктөлсүн.
Окуу,окуу методикалык иштери боюнча (форма-5) Г.А.Ырысбаевага тапшырма берилсин.

Педагогикалык кенешинин төрайымы Өзүбекова Р.А.

ПК катчысы Тургунбаева Г.Т.